**РЫСПАЕВА Б.** *КББА,*
**ТУРДУБАЕВА Г.** *ОШМУ*

# ХИМИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮ КОМПЕТЕНТТИК МАМИЛЕНИН НЕГИЗИНДЕ МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО

**Аннотация**

*Макалада химиялык билим берүүнүн мазмунун модернизациялоонун бир багыты предметти тереңдетип жана профилдик окутуу жана анын мазмунун тандап алуунун талаптары жана критерийлери жөнүндө баяндалат.*

Учурда өлкөдө айыл чарба продукцияларын, жергиликтүү кен байлыктарды, синтетикалык каражаттарды өндүрүүчү, кайра иштетүүчү өндүрүштөрдүн ишке кириши, зооветеринария, медицина тармактарынын артыкчылыктуу (приоритеттүү) багыттарга айланышы учурда химия предмети боюнча терең билимге болгон муктаждыкты шарттады.

Ушул максатта маданияттык-компетенттик мамиленин негизинде коомдун социалдык талаптарына ылайык, мектепте химиялык билим берүүнүн мазмунун модернизациялоо зарылдыгын шарттады. Демек, химия боюнча предметтик стандартты анын негизинде окуу программаларын, окуу китептерин, окуу колдонмолорун, баалоо системаларын окутуу технологиясын ж.б. оптималдаштырып өркүндөтүү менен иштеп чыгуу учурдун талабы.

Кыргызстанда предметтик билим берүүнүн мазмунун жаңылоодо окуу - иш аракетинин формасын эркин тандоо менен, инсанга багыттап окутууга өтүү зарылчылыгын биринчилерден болуп профессор Бекбоев.И.Б. [1] белгилеп, «Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери» аттуу көлөмдүү эмгегин жазган. Ал эми, Кыргыз билим берүү академиясынын илимий изилдөөлөрү 2008-жылдан бери окутуунун мазмунун маданияттык компетенттик мамиленин негизинде модернизациялоого багытталды. Учурдагы социалдык экономикалык шартка байланыштуу билим берүүнүн мазмунун жаңылоонун концептуалдык негиздери профессор, Э.Мамбетакуновдун, Т.М.Сияевдин (7) эмгектеринде изилденген.

Мектепте химиядан билим берүүнүн мазмунун жаңылоонун багыттары Р.Г.Иванова, [4], Л.А.Цветков [11], Е.Е.Минченков [8], Г.Турдубаева [9] Б.Ш.Жакышова [2], Б.С.Рыспаеванын [10], эмгектеринде чагылдырылган. Ал эми учурда, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде табигый предметтер боюнча билим берүү концепциясында [12] предметтин мазмунун жаңылоонун бир багыты катары мектептин тандап алган багытына жараша предметти терендетип жана профилдик окутуу каралган. Химияны *тереңдетип* окутуу проблемасына бир катар окумуштуулар, педагогдор, методисттер кайрылышкан. Алсак, Р.Г.Иванова, А.А.Каверина [3] мазмундун прикладдык жана изилдөөчүлүк багытын күчөтүүгө, Г.А.Кимакс [6] химиялык билим берүүнүн мазмунуна дифференцирлеп мамиле жасоо менен тереңдетип окутуучу мазмунду тандап алууга көңүл бурушкан. Предметти тереңдетип окутууну жогорудагыдай мазмунда ишке ашыруу бир багытты гана тереңдетүү менен билимдин бүтүндүгүн, толуктугун камсыз кыла альай калышы мүмкүн. Ошондуктан, Кыргызстандын жалпы билим берүүчү мектептеринде окутуунун багытына жараша предметти тереңдетип окутуу базалык билимди толук ичине камтуу менен тереңдетип окутуу программасынын негизинде келечектеги окуу планындагы *мектептик компоненттин* эсебинен ал эми профилдик компетенттин эсебинен тандоо курстары ( Химия өндүрүштө, Химия айыл чарбасында, Химия медицинада, Химия турмушта ж.б. аркылуу ишке ашыруу максатка ылайык келмекчи..

Учурда билим берүүнү гумандаштыруу стратегиясына ылайык, предметтер боюнча окуу жүктөмүн кыскартуу, компетенттик негизде окутуу талап кылынууда. Мындай

шартта химияны тереңдетип окутуунун мазмуну менен бирге эле аны окутуунун формаларын, методдорун, ыкмаларын да оптималдаштыруу башкы маселе болуп эсептелет. Бул боюнча химия предмети боюнча терең билим берүүнү белгилүү бир мазмундук багыттар жана логикалык маңыздуу модель аркылуу жүзөгө ашыруу, окутуунун методдорун, технологияларын колдонуу аркылуу окуучулардын өз алдынчалуулугун, таанып-билүү кызыкчылыгын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруу талап кылынат. Жаш муундар (окуучулар) адамзат коому топтогон руханий жана материалдык баалуулуктарды формалдуу эмес сезимдүү кабылдап өздөштүрүүлөрү зарыл. Демек, жаңы муун руханий жана материалдык баалуулуктарга ээ болуу менен бирге көп функциялуу компетенттүүлүктөргө ээ болуш керек, ал келечекте социалдык, кесиптик жана жеке проблемаларын чечүүдө жөндөмдүү жана алар үчүн жоопкерчиликтүү болууга тийиш.

Учурда мамлекеттин өнүгүүсү, дүйнөдөгү бардык жетишкендиктер акылдуу адамга жана жогорку квалификациялуу адиске көз каранды. Азыркы мезгилде химиялык билимдин приоритеттик багыттары өндүрүштүк технологияга байланыштуу. Ошондуктан химиялык адистиктин коомдо зарылдыгында талаш жок.

Б.С. Рыспаеванын [10] изилдөөсүндө Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде химияны тереңдетип окутуунун мазмуну төмөнкү багыттарда:

- химияны тереңдетип окутуу курсунун мазмуну базалык билим берүү курсунун мазмунун базасында;

-химиядан тереңдетилген билимди илимде калыптанган теориялардын (атом-молекулалык, электролиттик диссосация, заттардын түзүлүшү) негизинде системалаштыруу;

- химиялык негизги түшүнүктөрдүн калыптануусу химиялык процесстердеги негизги мыйзам ченемдүүлүктөрдүн жана химиялык кубулуштардын маңызын ачып көрсөтүү аркылуу тереңдетилээри аныкталды. Химия предметинин мектептик курсун камсыз кылган мазмунун түзүүдөгү дидактикалык талаптарга токтолобуз.

**Дидактиканын жалпы талаптары менен бирге төмөндөгүдөй жаңы талаптар:**

- коомдун социалдык заказына жана жалпы эле билим берүүнүн өнүгүш тенденциясына дал келүүчүлүк;
- окуу материалынын мазмунунун илимий практикалык мааниге ээ материалдар менен камсыз болушу;
- окутуу процессинин реалдуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу (закон ченемдүүлүктөр, принциптер, окутууну уюштуруунун методдору, формалары, окуучулардын жалпы өнүгүү деңгээли) менен тандоо;
- мектептин окуу- методикалык жана материалдык базасынын абалы;
- окулуучу мазмундун бүтүндүгү, толуктугу **иштелип чыкты:**

Ал эми химияны тереңдетип окутуунун дидактикалык системасынын моделинин мазмуну төмөндөгүдөй критерийлерге жооп берүүгө тийиш. *Мазмунду аныктоонун критерийлери*: таанып билүүдөгү жогорку активдүүлүк; кызыгуунун жогорку деңгээлге чыгуусу; тереңдетилген түшүнүктүн калыптануусунун толуктугу, тууралыгы, таанып билүүнүн жалпыланган билгичтиктигинин калыптангандыгы; оптималдуулук (аз күч жана убакыт үнөмдүүлүк шартында максатка ийгиликтүү жетишүү); изоморфдуулук( түшүнүктү таанып билүү функциясын толук аткара алат); Курстун мазмунуна маданий баалуулуктар болгон жергиликтүү практикалык материалдарды, Кыргызстандагы химиялык өндүрүштөрдүн продуктуларынын курамы жана аларды алуудагы химиялык процесстердин механизми; айыл чарбалык мазмундагы материалдарды окуу материалынын мазмунуна киргизүү белгиленди.

Конкретүү карап көрсөк, 8-класста :Кыргызстандагы жергиликтүү химия өнөр жайларынын өнүгүү тармактары (кыскача маалымат). Абанын тазалыгын коргоо боюнча көрүлгөн иш чаралар.(жергиликтүү аймактар боюнча) Республикадагы минералдык суулардын химиялык курамы, күндөлүк турмуштагы, медицинадагы профилактикалык мааниси жана аны рационалдуу пайдалануу. Кыргыстандагы туз кен байлыктары.

Эритмелердин күндөлүк турмушта, эл чарбасында ,өнөр жайларда колдонулушу. Кыргызстандагы минералдык эмес кенбайлыктар (күкүрт кен байлыктары) 9-класста: Жер семирткичтерди рационалдуу пайдалануу, аларды туура сактоо. Айыл чарба өндүрүшүн химиялаштырууда химиянын ролу. Жаратылыштагы көмүр жана кремний кендери. Кыргызстандагы силикат өнөр жайы: айнек, цемент, бетон жана темир бетон өндүрүүчү ишканалардын иштөө принциптери, технологиясы жөнүндө малымат.

Кыргызстандагы металл кен байлыктарын өндүрүүчү комбинаттарда Кадам-Жайда сурьма, Хайдаркенде сымап, Макмал, Кум-Төр алтын кенин өндүрүүдөгү закон ченемдүүлүктөр, химиялык процесстер Кыргызстанда химия өнөр жайларында таштандысыз өндүрүү технологияны колдонуу жана айлана-чөйрөнү булгануудан сактоо проблемасы “Металлдардын эл чарбасындагы мааниси, колдонулушу” деген темалар боюнча жергиликтүү материалдарды колдонуп окутуу аркылуу химия предмети боюнча окуучулардын таанып билүүсүн өнүктүрүүгө болот.

**Адабияттар**


1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери 3-басылышы. – Б:. «Бийиктик » 2011. – 384-б.
2. Жакышова Б.Ш. Базалык мектепте химияны окутуу каражаттарынын системасын түзүү жана пайдалануунун илимий педагогикалык негиздери дисс... пед. илим. канд.. – Б.: 2008.
3. Иванова Р.Г., Каверина А.А. Об основных направлениях обновления химического образования при переходе к двенадцатилетней школе Химия в школе, 2000.- №3, с. 2-5.
4. Иванова Т.В. Основные тенденции разработки требований в Государственных образовательных стандартов к уровню подготовки выпускников.Стандарты и мониторинг в образовании. – 2003. – №5. – С. 3-13.
5. Кособаева Б. Совершенствование политехнической подготовки учащихся при изучении местных производств в курсе химии средней школы ( на примере Киргизской ССР)./дисс… автореф. канд. пед. наук. /– М.: 1983.
6. Кимакс Г.А. Дифференцирование обучение химии как средство развития познавательной деятельности учащихся. /автореф. дисс. канд. пед. наук /. – Ленинград, 1978.
7. Мамбетакунов Э.М.,СияевТ.М. «Концептуальные основы обновления содержания среднего физического образования – Б.: 2002. – 72 с.
8. Минченков Е.Е. Научно-методические основы отбора содержания и структурирования школьного курса химии / дисс... док.пед. наук /– М. - 1987.
9. Турдубаева Г. Химический эксперимент как средство повышения экологического образования учащихся. /автореф. дисс. канд. пед. наук. / – Б.; 2002.
10. Рыспаева Б.С. «Химияны тереңдетип окутуунун мазмунунун илимий-методикалык негиздери» /автореф. пед. илим. канд./ – Б.; 2013.
11. Цветков Л.А. К обновлению содержания базового химического образования. Химия в школе, 1999 №5 с. 17 – 22.
12. Жалпы билим берүүчү мектепте табигый предметтер боюнча билим берүүнүн концепциясы. (КАО нун окумуштуу кеңешинде бекитилген)